
# Ит менен дос болгондо

## Как мы подружились с собакой



Автор: Нургуль Усенова

Сүрөтчү: Медер Ахметов

Которгон: Талгат Деркембаев

# Ит менен дос болгондо

Автор: Нургуль Усенова
Сүрөтчү: Медер Ахметов
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Ит менен дос болгондо" (кыргыз тилинде), автор Нургуль Усенова, сүрөтчү Медер Ахметов, которгон Талгат Деркембаев

*Как мы подружились с собакой*, Copyright © 2023, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бул ит биздин корообузда жакында эле пайда болду. Ушунчалык чоң жана кебетеси бир кызыктай неме экен.

Мен өзүм британ тукумундагы мышыкмын да. Көгүлтүр сулуу өңүмө карабай, көптөгөн иттер мени жактыра беришпейт.

Иттер эмнеге мышыктарды жек көрүшөт? Бирок бул ит мени караганда да  жок. Өзүнүн бир кайгысы бардай. Бул ит кайдан келди болду экен?

Күндө эле баягы ит эшик алдында жатат. Бирөөнү күткөндөй түрү бар. Мен терезенин кырындагы өзүмдүн жылуу ордумда отурам. Мага короо даана көрүнөт.

Баары эле кайдадыр шашышат.

Мына таң атпай короо шыпырган жумушчу келди. Ушул кишинин айынан, азыр терезени жаап салышат. Ал короону шыпырганда, үйгө чаң кирет.

Терезени жаба электе короого чыга качыш керек.

Акыры бул бейтааныш ит менен таанышыш керек го.

– Салам, – деп аны менен учураштым.

Ал мени укпаган сыяктуу мелтиреп отурат. Карасам, бир көзүн жумуп алгандай. Мага окшогон бир мышык тытып алган го.





Мен ага жакыныраак келдим. Бирок анын мени карай тургандай түрү жок. Же көрмөксөн болуп жатат, же чын эле көрбөйт. Түшүнө албайм!

Балким, бул сокур ит чыгар. Бирок жыт сезет эле да?

Аябай жакын баргандан корктум. Балким, кууланып, мени байкатпай тиштеп алгысы келип жаткан чыгар. Силерди билем, иттер! Канча жолу мени тиштеп, таарынттыңар. Биздин короодо мындай иттер көп.


Ушуларды эмнеге эстедим экен? Биздин иттердин үйүрү заматта пайда болду. Кой, булардан алысыраак кетейинчи. Ушулар деги эле мага жакпайт. Дайыма ызырынышып, ачуума эле тийип турушат.

Жөн эле достошуп, чогуу ойносок болот эле да.

Мышыктарды деги эле дос катары көрүшпөйт. Бул иттерге жетиш кайда!

Өзүмдүн жакшы көргөн мамынын башына чыгып алдым. Бул менин экинчи аймагым. Терезенин кырына караганда, бул жактан баары алаканга салгандай көрүнөт.

Мамынын башында баарын карап байкап турам. Мына, тиги итке жолбун иттер жакындап келишти. Ага үрүп, ызы-чуу чыгарышты. Анан эмне кылышсын? Алардын аймагында чоочун ит келип калса ошентишет да. Бирок тигил ит аларды тоготуп да койгон жок. Унчукпайт го. Бул эмне дүлөйбү?





Бир маалда иттер аны тиштегилеп кол сала башташты. Ушул жерден короо шыпырган адам көрүп калып, үйүр иттерди кууп салды. Тигил ит болсо камырап койбой, баягыдай эле жатат.

Бир  эле жолу башын көтөрүп, кеткен иттерди карадыбы же куткаруучусун  карадыбы, ким билет? Демек, бул ит дүлөй да эмес, сокур да эмес.

Анан бул эмнеге мынча кайдыгер болду экен? Балким, бул өзгөчө тукумдан болуп жүрбөсүн? Андай болсо бул короочу иттер анын теңи эмес да. Мен болсо британ тукумундагы мышыкмын!

Бул эмнеге мага да көңүл бурбайт. Же менин мышык экеним үчүн карабай жатабы? Мейли, үйгө барайын. Уйкум да келди. Шашпай таанышарбыз.

Ой,  кайсы ит үрүп жатты экен? Ушундай сонун уктап жаттым эле. Терезенин кырына секирип чыгып карадым. Бул биздин кошунабыз өзүнүн сапсайган Ромашка деген итин ээрчитип сейилдегени чыккан турбайбы.


Мунусу кичинекей болсо да, баарын билгиси келет. Көрсө, тиги бейтааныш итке үрүп жатыптыр.

Ит болсо кыймылдап да койбойт. Иттин ээси Ромашканы ээрчитип кетти.

Мына, биздин биринчи класска барган балдарыбыз мектептен кайтып келе жатышат.

– Апа,  бул итти караңызчы! Кызык, кайдан келген ит? – деп Аяна  кыйкырып жиберди.

– Аяна, итке тийбе! Кокус, тиштеп алып жүрбөсүн! Тезирээк кетели. Менин убактым жок, – деди кыздын апасы.





Башка балдар да келип калышты. Бир бала итти башынан сылады. Тиги ит дагы эле кыймылсыз жатат. Дагы бир бала токочун сунду. Мен бул балдарды тааныйм. Алар мага да нан беришкен. Бирок мен жечү эмесмин. Ундан жасалган тамактарды жебейм.

Карасам, ит жеп жатат. Ордунан да турду. Нанды күкүмүнө чейин жалап жеп салса болобу. Демек, ачка турбайбы! Бирок бул ит тилемчиге окшошпойт. Кебетесине караганда, таза тукумдан болушу мүмкүн.

Бирок бул кайдан келди болду экен?


Балдар өздөрүндө болгон токочторунун баарын берип, үйлөрүнө чуркап кетишти. Ит аларды көпкө чейин ыраазы болгондой артынан узатып кала берди. Мага ансайын кызык боло баштады.


Жакыныраак барып көрөйүн деп чечтим. Ит башын көтөрүп мени карап койду. Коркуп кетип, артка бир аз жылып алдым.

Ит мени тике, жалооруй карап калды. Көздөрүндө азыр эле ыйлап жиберчүдөй муң бар.

Мен анын жан дүйнөсү тынч эмес экенин түшүндүм. Бирөөнү күткөндөй түрү бар. Балким, ээси таштап кеткенби? Же бул жоголуп кеткен итпи? Ошондой болсо да, көпкө тентип жүргөн окшойт.

Жүнүнөн эле көрүнүп турбайбы, жолбун иттердикиндей болуп түйдөктөшүп калыптыр.





Итти аябай аяп кеттим. Жок дегенде бирөө тамак алып келип берсе боло! Же кожоюну келип алып кетпейби. Балким, муну издеп таппай жүрүшөт? Сүйүктүүлөрүн таштабайт да.

Мына, менин кожоюнум мени жакшы көрөт. Мен бактылуу болуп мыёолойм.

Ушул итти үйгө алпаргым келди. Бирок аны мен чечпейм да.

Мен иттин жанына жакын барып, жанына жатып алдым. Ал мага каршы болбогонсуп, керек болсо, бутун жылдырып койду. Мурунку жашаган жеринде мага окшогон мышык бар болсо керек. Экөө дос болгондур. Ошондуктан тиги короочу иттердей болуп артымдан кубалабаганы ошондон да.

Мен кандайдыр бир жылуулукту сездим. Ит мени куткаруучусун карагандай тигиле карап турат.

Киши болсом, итке бир кожоюн же кожойке таап бермекмин. Же үйүмө эле киргизип алмакмын. Кеч да болуп кетти. Курсагым ачса да, үйгө кетпей отурам.

Ушул маалда Аяна жүгүрүп келди. Колунда баштыгы бар экен. Ал итке колбаса, сыр салынган бутербродду сунду. Ит мени карап: “Кел, чогуу жейбиз” дегенсип турат.

Бирок мен бутербродду ал жалгыз өзү эле жесе экен дедим. Көрсө, мен аябай жакшы жашап жаткан турбаймынбы деп ойлоп койдум. Эми бул досума күнүгө келип турам. Өз ээсин табарына да ишенем. Ага чейин жанында эле болом...



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Нургуль Усенова
Сүрөтчү: Медер Ахметов
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли